## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2014-жылдын август айы)*

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Карооо алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына облигацияларын баштапкы рынокто жайгаштыруу боюнча эки аукцион жана бир кошумча жайгаштыруу ишке ашырылган. Өткөрүлгөн аукциондор боюнча МКОнун жарыяланган эмиссиясынын көлөмү өткөн ай ичиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 2 эсеге көбөйүү менен 381,0 млн. сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан жүгүртүү мөөнөтүү 2 жылдык МКОлор гана сунушталган. Жыйынтыгында, рыноктун катышуучулары тарабынан өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 2,9 эсеге көбөйүү менен жалпы суммасы 615,0 млн. сомго баалуу кагаздар сатылып алынган. Сатуулар көлөмүнүн ушул сыяктуу жогорулашы – рыноктун катышуучулары тарабынан кызыгуусунун артышынын натыйжасынан болгон. Суроо-талап көлөмү 2,8 эсеге көбөйүү менен 900,0 млн. сомду түзгөн. Мында, канааттандырылган суроо-талап деңгээли 21,5 пайыздык пунктка төмөндөп, 43,9 пайызды түзгөн.

Карооо алынып жаткан мезгил ичинде МКО боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде өзгөрүлбөстөн, 14,8 пайыз өлчөмдө түптөлгөн.

**2-график. ГКОнун суроо талаптын жана сатуунун көлөмдөрдү жана кирешелүүгү**




Жүгүртүүдөгү МКО көлөмү жыл башынан бери 7,0 млрд. сомго чейин көбөйгөн (+21,8 пайыз). Мында, негизги ээлик кылуучулардын – институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 17,2 пайыздык пунктка (55,8 пайызга чейин) көбөйүшү байкалган. Коммерциялык банктардын салыштырма салмагы 15,7 пайыздык пунктка төмөндөп, 44,1 пайыз өлчөмдө түптөлгөн. Юридикалык жактар-резиденттердин салыштырма салмагы мурдагыдай эле, 0,1 пайыз деңгээлде турган. Байкоого алынган мезгил ичинде резидент эместер аталган баалуу кагаздарды сатып алган эмес.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун баштапкы рыногунун концентрациялануу индекси[1] 0,33 чегинде катталган, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлине көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүштөгү үч инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. Жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Август'2013 | 5 598 700,0 | 2 838 031,9 | 50,7% | 2 757 465,9 | 49,3% | 3 160,2 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Сентябрь | 5 720 480,0 | 3 012 511,9 | 52,7% | 2 704 765,9 | 47,3% | 3 160,2 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Октябрь | 5 437 480,0 | 2 627 076,6 | 48,3% | 2 717 403,4 | 50,0% | 3 000,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Ноябрь | 5 318 580,0 | 2 635 176,6 | 49,5% | 2 588 703,4 | 48,7% | 4 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Декабрь | 5 740 680,0 | 3 431 385,9 | 59,8% | 2 214 594,1 | 38,6% | 4 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Январь'2014 | 5 785 280,0 | 3 374 033,5 | 58,3% | 2 315 546,5 | 40,0% | 5 700,0 | 0,1% | 90 000,0 | 1,6% |
| Февраль | 5 425 380,0 | 3 047 712,1 | 56,2% | 2 371 967,9 | 43,7% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Март | 5 916 280,0 | 3 073 612,1 | 52,0% | 2 836 967,9 | 48,0% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Апрель | 6 404 580,0 | 2 939 877,8 | 45,9% | 3 459 002,2 | 54,0% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Май | 6 826 480,0 | 3 161 885,4 | 46,3% | 3 658 894,6 | 53,6% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Июнь | 7 081 360,0 | 3 195 535,4 | 45,1% | 3 880 124,6 | 54,8% | 5 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Июль | 7 071 350,0 | 3 275 785,4 | 46,3% | 3 788 864,6 | 53,6% | 6 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |
| Август | 6 994 600,0 | 3 084 681,3 | 44,1% | 3 903 218,7 | 55,8% | 6 700,0 | 0,1% | 0 | 0,0% |

[1] Аталган индекс банктар портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээли көрсөтүлөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейин маанилердин интервалында бар. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүштөгү эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.